**Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн 2015-жылдын январь-август айларындагы динамикасы**

2015-жылдын январь-август айларында экономиканын өсүш арымы (УСКнын алдын ала маалыматтары боюнча) 6,8 пайызды түзгөн (2014-жылдын январь-август айларында – 4,4 пайыз), "Кумтөр" алтын казып алуу ишканаларын эске албаганда, реалдуу ички дүң өнүм (ИДӨ) 4,5 пайызга (2014-жылдын январь-август айларында – 3,6 пайыз) өскөн.

Өтүп жаткан жылдын январь-август айларында инфляция 0,1 пайызды түздү, ал эми 2015-жылдын август айында жылдык туюндуруудагы инфляция 5,8 пайыз чегинде катталган (2014-жылдын январь-август айларында – 4,5 пайыз, жылдык туюндурууда – 7,5 пайыз); ЭВФтин ыкмасы боюнча[1] эсептелинген базалык инфляция 2015-жылдын январь-август айларында 4,1 пайызды, жылдык мааниде алганда 7,3 пайызды түзгөн (2014-жылдын январь-август айларында – 4,5 пайыз, жылдык мааниде – 7,9 пайыз).

АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 2015-жылдын башталышынан бери 10,5 пайызга өсүп, 1 АКШ доллары үчүн 65,0953 сомду түзгөн (2014-жылдын январь-август айлары ичинде – 7,5 пайызга).

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде акча базасы 6,3 пайызга өсүү менен 68 502,5 млн сомго жеткен (2014-жылдын январь-август айлары ичинде – 0,6 пайызга азайган), анын ичинде жүгүртүүдөгү акча башка депозиттик корпорацияларынын камдарынын (резерв) 21,1 пайызга көбөйүүсү шартында 4,3 пайызга арткан.

Башка депозиттик корпорациялардын камдарынын жүгүртүүдөгү акчанын өсүшүнө салыштырганда озгон арымда өсүшү ошол корпорациялардын камдарынын салыштырма салмагынын көбөйүшүн шарттаган, демек, 2015-жылдын август айынын акырына карата абал боюнча акча базасынын түзүмүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- жүгүртүүдөгү акчанын үлүшү 86,9 пайызды түзгөн;
- башка депозиттик корпорациялардын камдарынын үлүшү 13,1 пайыз чегинде катталган.

Депозиттик корпорациялардын камдарынын түзүмүндө милдеттүү камдар жыл башынан бери 6,4 пайызга көбөйүп, 7 119,9 млн. сомду түзгөн, үстөк камдар (арылтуудан кийин) 161,0 пайызга, 1 837,8 млн сомго чейинки өсүшкө ээ болгон (2014-жылдын январь-август айларында милдеттүү камдар 9,2 пайызга өскөн, ал эми үстөк камдар 62,8 пайызга көбөйгөн).

Акча базасынын өсүшү Өкмөттүн операциялары менен шартталган, алар жыл башынан бери аны 9,0 млрд сомго көбөйткөн. Улуттук банктын операциялары тескерисинче, акча базасын 4,9 млрд сомго кыскарткан.

2015-жылдын январь-август айларында акча базасына эң башкысы, Улуттук банктын төмөнкү операциялары таасир эткен:

- валюта интервенциялары акча базасын 8,3 млрд сомго азайткан;
- кредиттик аукциондор – январь-август айлары ичинде берилген каражаттардын дүң көлөмү 1,5 млрд сомду түзгөн;
- ички рынокто 0,4 млрд сомго алтын сатылып алынган.

Улуттук банк ошондой эле, ушул мезгил ичинде арылтуу операцияларын (ачык рынокто операциялар жана "овернайт" депозиттери) ишке ашырган: алардын орточо күндүк көлөмү 1,3 млрд сом чегинде катталган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде таза чет өлкө активдери 5,1 пайызга (же 5 347,0 млн сомго) көбөйгөн, бул эң башкысы, таза эл аралык камдардын 5 086,4 млн сомго өсүшүнүн эсебинен жүргөн. Таза эл аралык камдардын өсүшүнө негизги салымды алтын кенин казып алуудан акча каражаттарынын түшүүсү, ошондой эле мамлекеттик бюджетти колдоо үчүн сунушталган кредиттер жана гранттар кошкон.

Дүң эл аралык камдар 2015-жылдын январь-август айларында доллар эквивалентинде 101,0 млн АКШ долларына азайып 1 857,6 млн долларын түзгөн.

Таза ички активдер ушул мезгил ичинде 3,3 пайызга же 1 316,4 млн сомго азайган (өткөн жылдын ушул мезгилинде ал 29,7 пайызга көбөйгөн эле). Таза ички активдердин төмөндөшүнө

[1] Жалпы инфляциядан азык-түлүк товарлары, электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү алынып салынат.

негизги салымды капитал эсептеринин 3 828,0 млн сомго азайышы таасир эткен, бул валюта курстарынын жана баалуу металлдардын баасынын өзгөрүшүнө байланыштуу чет өлкө валютасындагы активдерди жана алтынды кайра баалоого, башка статьясынын 2 862,1 млн сомго азайышына жана башка финансы мекемелер алдында Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондусунун 3 258,2 млн сом өлчөмүндөгү операцияларынан улам милдеттемелердин көбөйүшүнө байланыштуу келип чыккан. Таза ички активдеринин өсүшүнө ошондой эле, башка депозиттик корпорациялардын алдында милдеттемелердин 1 200 млн сомго көбөйүүсү таасир эткен.

## Акча топтомдорунун өзгөрүүсү

Банктардан тышкаркы нак акчадан жана улуттук валютадагы[1] депозиттерден турган *М2акча топтому* 2015-жылдын январь-август айларында 0,8 пайызга көбөйүп, 83 041,9 млн сомду түзгөн (2014-жылдын январь-август айлары ичинде – 0,7 пайызга төмөндөгөн).

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы ушул мезгил ичинде 8,0 пайызга көбөйүп, 134 526,9 млн сом чегинде катталган, бул эң башкысы, башка депозиттик корпорациялардын депозиттеринин 9,6 пайызга, 79 595,3 млн сомго өсүшү менен шартталган (2014-жылдын январь-августунда М2Х 3,2 пайызга көбөйгөн эле).

М2Х акча массасынын түзүмүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- банктардан тышкаркы нак акча үлүшү – 40,8 пайыз (2014-жылдын 1-сентябрына карата – 48,9 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү – 20,9 пайыз (2014-жылдын 1-сентябрына карата– 23,4 пайыз);
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү – 38,3 пайыз (2014-жылдын 1-сентябрына карата– 27,7 пайыз).

Чет өлкө валютасындагы депозиттер 22,1 пайызга өсүп, 51 485 млн сомду түзгөн, алмашуу курсунун таасирин эске албаганда – 11,3 пайызга өскөн, улуттук валютадагы депозиттер 7,6 пайызга, 30 482,3 млн сомго чейин кыскарган. Натыйжада, депозиттердин жалпы көлөмү 2015-жылдын январь-август айлар ичинде 9,6 пайызга өсүп, 79 595,3 млн сомду түзгөн (2014-жылдын январь-август айлары ичинде – 8,1 пайызга өскөн).

Өзүндө М2Хти камтыган депозиттердин долларлашуу деңгээли 2015-жылдын август айынын акырына карата 64,7 пайызды түзүп, жыл башындагы деңгээлге салыштырганда 6,7 пайыздык пунктка көбөйгөн.

*Экономикага кредит*[2] кароого алынып жаткан мезгил ичинде 14,4 пайызга өсүп, 93 939,8 млн сомду түзгөн, ал эми алмашуу курсунун таасирин эске албаганда – ал 8,5 пайызга өскөн (2014-жылдын январь-август айларында экономикага кредит, тиешелүүлүгүнө жараша 27,4 жана 22,7 пайызга өскөн).

Өтүп жаткан жылдын январь-август айларында банк тутумунун таза чет өлкө активдери 1 913,6 млн сомго (1,8 пайызга) көбөйүп, 110 503,2 млн сомду (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде - 2,2 пайызды) түзгөн.

Жылдын август айынын акырына карата банк тутумунун таза ички активдери 24 023,7 млн сомду түзүп, 8 068,9 млн сомго же 50,6 пайызга (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде – 10,5 пайызга) көбөйгөн.

Ушул жылдын август айынын акырында эсептик чен Улуттук банк Башкармасынын чечимине ылайык, 8,00 пайыз деңгээлде белгиленген (ал июль айынын акырына карата белгиленген деңгээлге салыштырганда өзгөрүүсүз калган). Ушуга байланыштуу, кредиттери жана “овернайт” депозиттери боюнча пайыздык чектин жогорку жана төмөнкү чендери тиешелүүлүгүнө жараша 11,00 жана 2,00 деңгээлинде белгиленген (өзгөрүүсүз калган).

---

[1] [1]Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттери

[2]Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдарга, юридикалык жактарга жана башка финансы-кредит мекемелерине кредиттер.

Август айынын акырына карата жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталар кирешелүүлүгү 7,99 пайызды түзгөн. Банктар аралык кредит рыногунда ушул мезгил ичинде ишке ашырылган репо операциялар боюнча орточо салмактанып алынган чен эсептик ченден төмөн болуу менен, 6,66 пайыз чегинде катталган.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 1-сентябрга карата 1,964тү, М2 мультипликаторунуку – 1,212ни түзгөн (2014-жылдын 1-сентябрга карата – тиешелүүлүгүнө жараша 1,717 жана 1,242).

Август айынын акырына карата М2Х акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монетизациялоо коэффициенти 29,0 пайызды, М2 акча топтому боюнча – 18,6 пайызды түзгөн (2014-жылдын август айынын акырына карата – тиешелүүлүгүнө жараша 32,1 жана 23,4 пайыз).

## Акча жүгүртүү ылдамдыгы

Акча жүгүртүү ылдамдыгы жылдын баш жагындагы деңгээлге салыштырганда 0,2ге көбөйүп, август айынын акырына карата 3,4тү түзгөн (М2Х боюнча). Бул номиналдык ички дүң өнүмдүн экономикадагы акча массасынын көлөмүнүн көбөйүү арымына салыштырганда озгон арымда өсүшү менен шартталган.

Улуттук банктын кассасына 2015-жылдын январь-август айларында 37 314,0 млн сом келип түшкөн, бул 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 9 239,2 млн сомго же 19,8 пайызга аз, ал эми берүүлөр 5 305,3 млн сомго же 11,8 пайызга азайып, 39 777,9 млн сом чегинде катталган.

Коммерциялык банктардын кассаларына январь-август айлары ичинде 645 087,1 млн сом түшкөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда ал 19 594,6 млн сомго же 3,1 пайызга көбөйгөн. Ал эми берүүлөр 22 355,8 млн сомго же 3,6 пайызга көбөйүп, 649 407,9 млн сомду түзгөн.

Төлөм системасында ушул мезгил ичинде финансылык тобокелдик минималдуу деңгээлде орун алган. Август айынын акырына карата айлануу коэффициенти 0,53, ликвиддүүлүк коэффициенти – 1,89ду түзгөн.